Математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№6 ПРОТОКОЛУ**

*13-февраль, 2017-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

**Ар түрдүү маселелер.**

2018-19-окуу үчүн ИЭТ жана ИСТ багыттарынын бакалавр жана магистрдик программалар боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын иштеп чыгуу жана аларды бекитүү.

**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2018-19-окуу үчүн ИЭТ жана ИСТ багыттары жана магистрдик программалар боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын мазмуну ОшМУнун миссиясына, багыттарга тиешелүү болгон мамлекеттик стандарттарга жана НББПга таянып жасалды. Андан сырткары бул жерде иш берүүчүлөрдүн сунушу жана ОшМУнун, факультеттин жана кафедранын иш пландарыны эске алынып жатат. Ар бир программа боюнча бештен максат каралды, ал эми күтүлүүчү натыйжалар да ар бир программалар боюнча каралып, кеңири талкууланып иштелип чыкты.

*Г. Абдугулова (Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу):* Ар бир программа боюнча НББПнын максаттары жана күтүлүүчү натыйжалары иштелип чыкты. Бул өзгөртүүлөр боюнча иш берүүчүлөргө, ата-энелерге жана студенттерге маалыматтарды беришибиз керек. ОшМУнун миссиясына, багыттарга тиешелүү болгон мамлекеттик стандарттарга, НББПга жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарына таянып жасалды. Жаңы өзгөртүлгөн вариантты сайтка да жайгаштырышыбыз керек.

Кафедра мүчөлөрү тарабынан ИЭТ жана ИСТ багыттары жана магистрдик программа боюнча иштелип чыккан негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын мазмуну бир добуштан жактырылды.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2018-19-окуу үчүн ИЭТ жана ИСТ багыттарынын бакалавр жана магистрдик программа боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын мазмуну жактырылсын жана бекитилсин.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.